УДК: 37.017.92
DOI 10.33514/1694-7851-2023-2-191-196

**Усенгазиева Г.С.**
пед. илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
gusengazieva@mail.ru
**Мырзакулова В.Ч.**
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
магистрант
Бишкек ш.
myrzakulovavenera0@gmail.com

## ОКУЧУУЛАРГА ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ ҮЙ-БҮЛӨНҮН РОЛУ

**Аннотация.** Макалада окуучуларга экологиялык тарбия берүү маселелери боюнча ата-энелер менен иш алып барууда тарбия иштерин жүргүзүү зарыл экендиги чагылдырылган. Заманбап социалдык-маданий шарттарда ата-энелердин позициясы жана билим берүү процессинин толук кандуу катышуучулары тарабынан мыйзамда белгиленген, тарбия иштери педагогикалык иштин маанилүү бөлүгү болуп саналып, изилдөөнүн негизин түзөт.

**Негизги сөздөр:** экологиялык билим берүү, экологиялык тарбия берүү, ата-эне, үй-бүлө, жалпы орто билим берүүчү мектеп, класс, экологиялык маданият, окуучу.

**Усенгазиева Г.С.**
канд. пед. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
gusengazieva@mail.ru
**Мырзакулова В.Ч.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
myrzakulovavenera0@gmail.com

## РОЛЬ СЕМЬИ В ЭКОЛОГИЧЕСКОМ ВОСПИТАНИИ УЧАЩИХСЯ

**Аннотация.** В статье рассматривается вопрос о роли семьи и ее значении в экологическом воспитании учащихся. Отражено, что необходимо проводить воспитательную работу при работе с родителями по вопросам экологического воспитания учащихся. В современных социокультурных условиях положение родителей и полноправных участников образовательного процесса, установленное законодательством, воспитательная работа является важной частью педагогической работы и составляет основу исследования.

**Ключевые слова**: экологическое образование, экологическое воспитание, родитель, семья, общеобразовательная средняя школа, класс, экологическая культура, ученик.

**Usengazieva G.S.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

gusengazieva@mail.ru
**Myrzakulova V.Ch.**
Master's Student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
myrzakulovavenera0@gmail.com

## THE ROLE OF THE FAMILY IN ENVIRONMENTAL EDUCATION OF STUDENTS

**Abstract.** The article deals with the issue of the role of the family and its importance in the environmental education of students. It is reflected that it is necessary to carry out educational work when working with parents on the environmental education of students. In modern socio-cultural conditions, the position of parents and full participants in the educational process, established by law, educational work is an important part of pedagogical work and forms the basis of the study.

**Keywords:** environmental education, environmental education, parent, family, secondary school, class, ecological culture, student.

Жалпы орто билим берүүчү мектептин окуучуларына экологиялык тарбия берүүнүн эң негизги принциби болуп үзгүлтүксүз экологиялык билим берүү болуп саналат. Бул – татаал педагогикалык процесс.

«Кыргыз Республикасынын үзгүлтүксүз экологиялык билим берүүсүнүн концепциясында» белгиленген милдеттерди чечүү максатында мектептерде табигый илимдердин негизин окутууда окуучуларга экологиялык билим жана тарбия берүү чоң роль ойнойт.

193 мамлекет тарабынан макулдашылган, Бириккен Улуттар уюмунун (2015-жылдын 25-27-сентябрында Нью-Йорк) "2030-жылга чейинки Туруктуу өнүгүү" декларациясында коюлган 17 максаттын биринде экологиялык туруктуулукту камсыз кылуу белгиленген [5].

Дүйнөлүк экологиялык кризис адамзаттын руханий, адеп-ахлактык калыптануусунда экологиялык билимдин жана маданияттын приоритеттүүлүгүн, цивилизацияны жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды сактап калууда, бүтүн бир гумандуу дүйнөнү түзүүдөгү маанисин туюуга алып келди.

Экологиялык кризис – бул биосферанын талаптарын экологиялык системалардын иштөө мыйзамдарын эске албастан, калктын санынын өсүшүнүн, техниканын өнүгүшүнүн жана адамзаттын улам жаңы аймактарга отурукташуусунун табиятка тийгизген терс таасиринин күчөшүнө байланыштуу пайда болуп өнүгүп жаткан көрүнүш.

Көпчүлүк изилдөөлөргө токтолсок, "Экологиялык билим берүү" жана "экологиялык тарбия" түшүнүктөрүнүн мазмуну бири-биринен бөлүнүп каралып, анын аныктамасы тууралуу талаш-тартыштарды пайда кылып келүүдө. Кээде бул түшүнүктөр "экологиялык билим берүү жана тарбия" деген бир сөз айкашы катары каралып, көбүнчө "экологиялык билим берүү" түшүнүгү менен чектелип, "экологиялык тарбия" түшүнүгүн ачып берүүгө токтолбойт.

*Экологиялык билим берүү* – бул системалаштырылган экологиялык билимдерди өздөштүрүү жана практикалык көндүмдөргө ээ болуу процесси. Экологиялык билим алуунун негизги жолу окуу мекемелери, квалификацияны жогорулатуу системалары, ошондой эле формалдуу эмес билим берүү системасы. Ал эми *экологиялык тарбия* – бул тийиштүү көз караштын, адамдын адеп-ахлактык келбети, жаратылышты активдүү коргоого, анын байлыктарынын көбөйүшүнө мүмкүндүк берүүгө болгон муктаждыгын калыптандыруу [4].

**Окуучуларга экологиялык тарбия берүүдө үй-бүлөнүн негизги максаты болуп –** окуучунун айлана-чөйрөгө компетенттүү, сарамжалдуу мамиле кыла билүүсү саналат. Жандуу жана жансыз нерселердин ар биринин айлана-чөйрөгө жеке таасирин орнотуу, жаныбарлар

дүйнөсүнүн бир бөлүгү катары адамдарга аяр жана боорукер мамиле кылуунун зарылдыгын түшүнүү үчүн өбөлгөлөрдү түзүү. Экологиялык билим берүүнүн максаты – жаңыча ой жүгүртүүнүн негизинде курулган айлана-чөйрөгө жоопкерчиликтүү мамилени калыптандыруу. Үй-бүлө – бул баланын тарбияланышын жана инсан болуп калыптанышынын негизги булагы, мектептин таасири менен айкалыштырган микрочөйрө [1].

“Жер ата-энебизден калган мурас эмес, биздин балдардан алынган насыя” сыяктуу накыл сөздөргө токтолсок, үй-бүлөлүк жашоонун кризистик мүнөзүн эске алуу менен, бул багыттагы иш мектеп деңгээлинде системалуу түрдө, бирок өзгөчө кылдаттык жана түшүнүү менен жүргүзүлүшү керек экендиги изилдөөбүздүн жүрүшүндө дадилденди. Экологиялык тарбия маселелери үй-бүлөдөн башталa тургандыгын ата-энелерге жеткирүү көптөгөн кыйынчылыктарды туудурду.

Окуучуларга экологиялык тарбия берүү маселелери боюнча ата-энелер менен иш алып барууда тарбия иштерин жүргүзүү зарыл. Заманбап социалдык-маданий шарттарда ата-энелердин позициясы жана билим берүү процессинин толук кандуу катышуучулары тарабынан мыйзамда белгиленген, тарбия иштери педагогикалык иштин маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Ата-энелер – балдарынын биринчи мугалими. Алгач изилдөөбүздүн жүрүшүндө ата-энелер комитетинин жобосуна ылайык план түзүлүп, мектеп администрациясы менен макулдашуу менен ишке ашты. Ата-энелердин экологиялык-педагогикалык компетенттүүлүгүн жана экологиялык билим берүүнүн заманбап педагогикалык технологияларын өздөштүрүүсүн жогорулатуу маселеси өз убагында келип чыгат [3].

Мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы чыныгы кызматташтыкты мүмкүн кылган технологиялардын бири – ата-энелерге экологиялык түшүнүктөрдү жайылтуу. Ата-энелер менен болгон тарбия иштеринин жүрүшүндө ата-энелерге теориялык жана практикалык мүнөздөгү маалыматтарды жеткирүү маанилүү.

Мектеп окуучуларын үй-бүлөдө жана мектепте экологиялык тарбиялоонун негизги милдети экологиялык маданиятты жана толеранттуулукту, башкача айтканда, баланын айлана-чөйрөгө компетенттүү, сарамжалдуу мамилесин, анын дүйнөдөгү ордун түшүнүү болуп саналат. Жандуу жана жансыз нерселердин ар биринин айлана-чөйрөгө жеке таасирин орнотуу, жаныбарлар дүйнөсүнүн бир бөлүгү катары адамдарга аяр жана боорукер мамиле кылуунун зарылдыгын түшүнүү үчүн өбөлгөлөрдү түзүү [2].

Эксперимент Жалал-Абад областынын Токтогул районунун Т.Ормонбеков атындагы №28 мектеп-лицейинде өткөрүлдү. Экспериментке 6-11-класстардын 237 окуучусу жана алардын ата-энелери катышты.

Мектеп-лицейинин ата-энелер комитетинин жобосуна ылайык иш пландар түзүлүп, окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу максатында иш чаралар жүргүзүлүп, окуучулардын айлана-чөйрөгө жасаган активдүү мамилеси 1-сүрөттө берилди.




**1-сүрөт. Окуучулардын айлана-чөйрөгө жасаган активдүү мамилеси.**

Мисалы, ата-энелер менен иштөөдө, алгач алардын экология жөнүндө түшүнүктөрүн билүү үчүн анкеталар толтурулуп, үй-бүлөдө балдарына айлана-чөйрөнү коргоо боюнча маектешүүлөрдүн алгачкы жыйынтыктары алынды. Ошондой эле жергиликтүү аймактын жараталыш ресурстары боюнча маалыматтар берилип, ата-энелер менен үй-бүлөдө маектешүү максатында тексттер таркатылып берилген (1-3-табл.).

Биология сабагында окуучулардан ата-энелерине берилген тапшырмалар боюнча сурамжылоо жүргүзүлүп, окуучулардын билим деңгээли бааланды жана бул иш-аракеттер 1-сүрөттө берилди.

**1-таблица. Окуучулардын айлана-чөйрөгө жасаган активдүү мамилеси**

| № | Иш-аракеттер | Катышуучулардын саны | %менен |
|---|---|---|---|
| 1. | Сейилдөө | 167 | 82% |
| 2. | Айлана-чөйрөгө байкоо жүргүзүү | 160 | 79% |
| 3. | Сүрөт тартуу (чыгармачылыгы) | 120 | 59% |
| 4. | Смартфондор менен колдонуусу | 24 | 12% |
| 5. | Бузуулар (пикник, шашлык, иттер менен сейилдөө) | 22 | 11% |
| 6. | Изилдөө | 3 | 1,5% |
| 7. | Жаратылышты коргоо | 1 | 0,5 % |

**2-таблица. Ата-энесинин экологиялык билиминин жана маданиятынын деңгээли**

| № | Критерийлер | Эксперименталдык топ | | Текшерүүчү топ | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 2022(IX) | 2023(III) | 2022(IX) | 2023 (III) |
| 1. | Экологиялык түшүнүк | 79% | 100% | 90% | 98% |
| 2. | Өз аймагынын жаратылышын билүүсү | 21% | 15% | 47% | 45% |
| 3. | Жаратылыш ресурстарын айырмалоо | 47% | 51% | 79% | 90% |
| 4. | Айлана-чөйрөгө кылган мамилеси | 79% | 90% | 82% | 83,5% |
| 5. | Жер иштетүү ыкмалары | 8% | 3% | 22% | 21% |
| 6. | Жашылдандыруу боюнча жасаган иш-аракеттери | 100% | 100% | 84% | 94% |
| 7. | Жайыттар боюнча түшүнүгү | 34% | 56% | 29% | 22% |
| 8. | Токойлордун кыйылуусу | 36% | 100% | 39% | 45% |
| 9. | Мергенчилик | 7% | 12% | 10% | 10% |
| 10. | Балдарына экологиялык тарбия берүүсү | 7% | 68% | 10% | 42% |

**3-таблица. Эксперименталдык жана текшерүүчү топто ата-энелердин экологиялык компетенттүүлүгү**

| Салыштыруу белгилери | Эксперименталдык топ (%) | Текшерүүчү топ(%) |
|---|---|---|
| 1. Экология жөнүндө түшүнүгүңүз барбы? | | |
| А. ооба | 69% | 77% |
| Б. жок | 6% | 0% |
| В. уккам | 25% | 23% |

| | | |
|---|---|---|
| 2. Жаратылышта сейилдөө<br>А. сейилдөө, маектешүү, байкоо жүргүзүү<br>Б. сүрөткө тартуу<br>В. баланын кызыгуусу<br>Г. иттер менен сейилдөө<br>Д. спорт менен машыгуу<br>Е. козу карын, мөмө-жемиштерди чогултуу<br>Ж. Шишкебек жана пикпик<br>З. Кыймылдуу оюндарды ойноо<br>И. Экскурсия<br>К. Окуучунун жер иштетүүгө жана дыйканчылыкка жардамы көрсөтүүсү | 4%<br>13%<br>9%<br>13%<br>6%<br><br>13% 6%<br>100% 13%<br>100% | 31% 11% 8%<br>11%<br>4%<br>4%<br>11%<br>4%<br>0%<br>15% |
| 4. Сиздин балаңыз (кызыңыз) жаратылышка байкоо жүргүзө алабы?<br>А. ооба<br>Б. жок | <br>94%<br>6% | <br>77%<br>23% |
| 5. Сиздин балаңыз (кызыңыз) жаратылышта болуп жаткан кубулуштарга жана объектилерге мүнөздөмө бере алабы?<br>А. ооба<br>Б. жок | <br>88%<br>12% | <br>69%<br>31% |
| 6. Жаратылыш чөйрөсүндө балаңыз өзүн туура алып жүрө алабы?<br>А. ооба<br>Б. жок | <br>100%<br>0% | <br>85%<br>15% |
| 7. Экскурсияга баргандан кийин балаңызда кандайдыр бир өзгөрүүлөрдү байкайсызбы?<br>А. ооба<br>Б. жок<br>В. жооп бере албайм | <br>81%<br>0%<br>19% | <br>54%<br>8%<br>38% |
| 8. Байкасаңыз, ал кандайча көрүнөт?<br>А. табиятка аяр мамиле кылган.<br>Б. ынтымактуу, токтоо болуп калды.<br>В. Табигый ресурстардын (суу, аба) адам үчүн маанисин түшүнөт<br>Көчөдө таштандыларды урналарга ыргыта баштаган<br>Г. өздүк гигиена эрежелерин сактоо | <br>81%<br>81%<br>75%<br>75%<br>81% | <br>85%<br>85%<br>85%<br>81%<br>92% |
| 9. Балаңыздын сүрөт, видео-ролик, поэзияда, музыкада жаратылыштын сулуулугун тартууга умтулуусу барбы?<br>А. Жок<br>В. Ооба | <br>25%<br>75% | <br>8%<br>92% |
| 10. Бүгүнкү күндө коом экологиялык маданиятты тарбиялоого кызыкдарбы?<br>А. Ооба.<br>В. Жок<br>В. Жооп берүү кыйын | <br>81%<br>0%<br>19% | <br>92%<br>0%<br>8% |
| 11. Балаңыз жаратылыш тууралуу китептерди окуганды, жаныбарлар жана өсүмдүктөр жөнүндө маалыматтарды көргөндү жакшы көрөбү?<br>А. ооба<br>Б. жок | <br>88%<br>12% | <br>77%<br>23% |

| | | |
|---|---|---|
| 12.Сиздин үй китепканаңызда жаратылыш тууралуу китептер барбы?<br>А) ооба<br>Б) жок | <br><br>88%<br>12% | <br><br>100%<br>0% |
| 13. Бөлмө өсүмдүктөрүңүз барбы?<br>А. ооба<br>Б. жок | <br>69%<br>19% | <br>92%<br>8% |
| 14. Балаңыз үй жаныбарларына жана бөлмө өсүмдүктөрүнө кам көрөбү?<br>А. ооба, дайыма жана каалоо менен<br>Б. ооба, кээде<br>В. жок | <br><br>19%<br>69%<br>12% | <br><br>54%<br>38%<br>8% |




**2-сүрөт. Окуучуларга экологиялык тарбия берүүдө ата-эне менен өз ара аракеттери.**

Жыйынтыгында айтсак, 2-сүрөттө көрсөтүлгөндөй окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоодо мектеп менен үй-бүлөнүн өз ара аракеттешүүсүнүн моделин, уюштуруу-методикалык шарттарын ишке ашыруу, эксперименталдык изилдөө көрсөткөндөй, бул процесстин эффективдүүлүгүнө, өсүү процессинин өсүшүнө өбөлгө түзөт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Беликова Е. В., Битаева О. И., Елисеева Л. В.. Теория и методика воспитания: Учебное пособие. – М.: Научная книга, 2012. – 159 с.

2. Ридигер О.Н. Взаимодействие школы и семьи в экологическом воспитании учащихся: Дисс. ... канд. пед. наук. – М., 2012. – 196 с.

3. Ридигер О.Н. Моделирование процесса взаимодействия школы и семьи в экологическом воспитании учащихся // Известия Волгоградского государственного педагогического университета. Серия «Педагогические науки». – №4(68). – 2012. – С. 74–77.

4. Усенгазиева, Г.С. Кесиптик лицейлердин окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандырууну өркүндөтүү [Текст]: пед. илим. канд ... дис.: 13.00.01. / Г.С, Усенгазиева – Бишкек, 2015. – 150 б.

5. Электрондук ресурс: https://www.gov.kg/ky/p/sustainable_development.

**Рецензент: пед. илим. док., проф. Чоров М.Ж.**